**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ-УКУКТУК**
**ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕНЕШ**
**Д. 09.16.534**

*Кол жазма укугунда*
***УДК:*** **101.3(575.2)(043.3)**

**Шаршебаева Тынара Аманбековна**

# ЭТНОУЛУТ СОЦИАЛДЫК-ФИЛОСОФИЯЛЫК АНАЛИЗДИН ОБЪЕКТИСИ КАТАРЫ

09.00.11 – социалдык философия

**Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчи**: КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, философия илимдеринин доктору, профессор **Тогусаков Осмон Асанкулович**

**Расмий оппоненттер:** философия илимдеринин доктору, профессор **Орозалиев Эрик Садыкович;**

философия илимдеринин кандидаты **Алишерова Чолпон Базарбековна**

**Жетектөөчү мекеме:** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин философия кафедрасы, Бишкек шаары, И.Раззаков көчөсү 51.

Диссертация 2017-жылдын «29» декабрында саат 12.00.дө КР Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунда жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетиндеги философия илимдеринин доктору (кандидаты) жана маданият, искусство (17.00.02- музыкалык искусство) таануу илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 09.16.534 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: Бишкек шаары, Чүй проспекти, 265-а.

Диссертациялык иш менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот (дареги: 72071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265-а).

Автореферат 2017-жылдын «28» ноябрда жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты, с.н.с.** **Акматова Н.С.**

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Ааламдашуунун заманбап шарттарында, этникалык жана улуттук айырмачылыктар менен өзгөчөлүктөрдүн курч жоюлуусунда олуттуу этникалык жана улуттук Кайра жаралуу болуп өтөт. Аталган карама-каршылык СССРдин тарашынан кийин бардык постсоветтик мейкиндикте, анын ичинде Кыргыз Республикасында да курч түрдө көрүнө баштаган.

Эгерде советтик мезгилде кыргыз эли толук кандуу эмес улуттук мамлекеттүүлүк шарттарында социалистик улут деп жарыяланган, бирок, толук ченемде андай болбостон, этноулут катары гана калыптана баштаган. Эгемендүүлүкө ээ болуу менен кыргыздар, мамлекетти түзүүчү этнос катары өзүнүн этноулуттук өнүгүүсү үчүн жарандык кыргыз улутунун калыптануусунда ири импульска ээ болгон. Этнократиялык жана мамлекеттик түзүлүштүн жарандык-демократиялык принциптеринин ортосундагы карама-каршылык, кыргыз эмес улуттардын өкүлдөрүнүн олуттуу агылып чыгуусу жана этноулуттук идеологиянын активдешүүсү менен шартталган республиканын калкындагы кыргыздардын үлүшүнүн байкалаарлык өсүүсү – бул комплекстүү түрдө постсоветтик Кыргызстандагы этноулуттук процесстерди драмалаштырган. Аталган маселе кыргыз коомундагы жана коом таануусундагы бирден-бир кыйла актуалдуу жана приоритеттүү болуп калды.

Этноулут маселелери менен ар кыл социалдык дисциплиналардын өкүлдөрү алектенишет. Бирок, социалдык-философиялык анализ гана этноулутту өзгөчө социалдык феномен катары изилдөөдө ар тараптуу комплекстүү ыкманы бере алат. Этноулутту социалдык-философиялык чечмелөө, биринчи кезекте, социалдык философиянын категориалдык-түшүнүктүк системасына жана конкреттүү илимий дисциплиналардын натыйжасына негизделген изилдөөнүн теоретикалык-методологиялык базасын иштеп чыгуусу керек.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелер тарабынан өткөрүлгөн ири илимий программалар, негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.**

Изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети**. Изилдөөнүн объектиси болуп этноулут сыяктуу социалдык феномен эсептелет. Изилдөөнүн предметине этноулуттун калыптануу, өнүгүү жана функциялануу өзгөчөлүктөрү таандык.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Изилдөөнүн негизги максаты этноулутка социалдык-философиялык анализ берүүдө, андан тышкары кыргыз этноулутунун эволюциясынын спецификасын аныктоодо турат.

**Аталган максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттерди чечүү зарыл:**

-этноулуттун категориалдык-түшүнүктүк анализин жүзөгө ашыруу;

-ааламдашуу шарттарындагы этноулуттун функцияланусун анализге алуу;

-кыргызстандык философтордун кыргыз этноулуту туурасындагы көз караштарын кароо;

-кыргыз этносун тарыхтын октябрдык, ал эми кыргыз этноулутун советтик мезгилдерде изилдөө;

-эгемендүүлүк шарттарындагы кыргыз этноулутунун функцияланусун көрсөтүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**.

Диссертацияда биринчи жолу этноулутка социалдык феномен катары социалдык-философиялык анализ жүргүзүлүүдө, андан тышкары илимий жаңылыктын маанилүү элементтерине төмөнкү натыйжалар таандык:

-социалдык-философиялык контексте «этноулут» түшүнүгүнүн манызы анализге алынды;

-ааламдашуунун этноулуттун функцияланусуна тийгизген таасири каралды;

-кыргыз этноулуту туурасындагы жергиликтүү философтор менен саясат таануучулардын эмгектери изилденди жана жалпыланды;

- Кыргыз элинин тарыхый өнүгүү контекстиндеги кыргыз этноулутунун генезиси жана эволюциясы көрсөтүлдү;

-постсоветтик Кыргызстандагы кыргыз этноулутунун функциялануусунун спецификасы ачылып берилди.

**Диссертациялык изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негизин** белгилүү чет элдик, советтик жана постсоветтик философтордун, этнологдордун, этносоциологдордун, этнопсихологдордун жана тарыхчылардын эмгектери түздү. Иш процессинде илимий таанымдын тарыхый, формалдуу-логикалык жана системалык методдору колдонулду.

Диссертациялык иште философия боюнча гана эмес, ошондой эле так илимдер боюнча немец, орус, казак, кыргыз изилдөөчүлөрүнүн эмгектери жана идеялары колдонду.

Изилдөөнүн методологиясынын негизинде системалуулуктун диалектикалык принциптери, анализ жана синтез, жалпы байланыш, абстрактуулуктан конкреттүүгө өтүү ыкмалары жатат.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык баалуулугу.** Алынган натыйжалар этноулутту андан аркы социалдык-философиялык анализдөө үчүн негиз болуп бере алат. Иштелип чыккан жоболор, алынган илимий натыйжалар жана практикалык сунуштамалар этникалык саясатты өзгөчө анын этноулуттук аспектилерин андан аркы өркүндөтүүдө, этноулуттук карым-катнаштардын, этноулуттук конфликттердин, сепаратистик маанайлардын профилактикасында тартылат.

**Коргоого сунуш кылынган негизги жоболор.**

Этноулутка болгон социалдык-философиялык анализдин натыйжасында коргоого төмөнкү жоболор сунуш кылынат.

1. «Этноулутту» этностун өнүгүүсүнүн индустриалдык деңгээли жана этникалык жалпылыктын саясатташтырылган тиби катары мүнөздөө абзел. Этноулут – бул өзүлөрүн этникалуулук менен жакындаштырган жана

тигил же бул формада мамлекеттик түзүлүшкө же мамлекет менен болгон жеке байланыштарды, контактарды жана карым-катнаштарды институтташтырууга багытталган адамдардын тобу. Биздин пикирибизде, этноулут бардык эле этнос эмес, социалдык уюштурулууга, анын ичинде саясий чөйрөгө ылайыкташкан иш-аракеттерди алдын-алууга багытталганды гана айтабыз.

2. Этноулут процессинде өз алдынчалуулука багытталган өзүнүн спецификасындагы көз карашты жана басымды сактоо тенденциясы заманбап жашоо-турмуштун бирден-бир иштиктүү факторлорун камтып турат, анын негизинде ааламдашуунун заманбап реалийлеринде заманбап цивлизациянын фрагментардык дифференциациясы жана этномаданий локалдашуусу жүзөгө ашырылат.

3. Кыргызстандык философтордун этнос жана улут маселелери боюнча постсоветтик изилдөөлөрүндө эгемендүүлүк жылдарында топтолгон кыргыз элинин тарыхынынан алынган бай материалга таянган этноулуттук процесстерди изилдөөнүн заманбап батыштык методологиясы активдүү түрдө колдонулуп, советтик догматизмден, таптык принциптерден жана партиялуулуктан толук алыстоо иши болгон.

4. Кыргыз Советтик Социалистик Республикасынын түзүлүшү менен кыргыз эли (мамлекетти түзүүчү титулдук эл катары) улут статусуна ээ болуп, б.а. «формалдуу» белги боюнча мамлекеттүүлүктүн алып жүрүүчүсү катары эсептелген, бирок цивилизациялык өнүгүү деңгээли жана коомдук карым-катнаштарынын жеткилеңдиги боюнча ылайык келген эмес.

5. Башка элдердин өкүлдөрү менен болгон тең укуктуу союзу, тарыхый тажрыйбаны акыл-эстүү пайдалануу кыргыздарга начар бириккен этникалык жалпылыктан өз кызыкчылыктарын коргоого жөндөмдүү толук кандуу улутка айлануу процессин ийгиликтүү аяктоого шарт түзөт. Титулдук этностун башкалардын үстүнөн болгон (Конституция же этникалык фильтрлер менен) мажбурлоочулук аракети коомду оолактатылган жана провиденциализмдеги тарыхый туңгуюка алып келип, келечексиз келет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Негизги илимий корутундулар менен жоболор изденүүчүнүн этноулутка болгон социалдык-философиялык анализге жана анын эгемендүү Кыргызстандагы функцияланууусуна кошкон жеке салымы болуп эсептелет.

**Диссертациянын натыйжаларынын апробацияланышы.** Диссертациянын жоболору автор тарабынан төмөнкү теоретикалык-практикалык илимий конференцияларда апробацияланган: Эл аралык илимий-практикалык конференция: «Актуальные проблемы и современное состояние общественных (гуманитарных) наук в условиях глобализации» - Бишкек, 2013.; илимий-практикалык конференция: «Роль молодежи в развитии государства: пути совершенствования государственной молодежной политики» -Бишкек, 2014г.; ВУЗдар аралык илимий-практикалык конференция: «Формирование кыргызстанской идентичности как фактор национальной безопасности» - Бишкек, 2015.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу**. Диссертациянын темасы боюнча 8, анын ичинде РИНЦ те 7 макала жарыяланган.

Диссертация КР УИАнын философия жана саясий-укуктук изилдъълър Институтунун социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүнүн кең ейтилген жыйында талкууга алынган.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, эки баптан, беш параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү - 157 бет.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилденип жаткан теманын актуалдуулугу, иштин максаты менен милдеттери, предмети менен обөектиси аныкталып, методологиялык негизи жана илимий жаңылыгы аныкталды, коргоого сунушталган негизги жоболор, диссертациянын теоретикалык жана

практикалык мааниси, ар кыл формалардагы алынган натыйжалардын апробацияланышы көрсөтүлдү.

Диссертациялык иштин «**Этноулутту изилдөөнүн теоретикалык-методологиялык маселелери**» аттуу биринчи бапта этноулутка категориалдык-түшүнүктүк анализ берилип, ааламдашуу шарттарындагы этноулуттун функциялануусу каралат.

Биринчи баптын «**Этноулуттун категориалдык-түшүнүктүк анализи**» - деп аталган биринчи параграфта этноулут социалдык көрүнүш катары анализге алынат.

Философиялык адабиятта «этноулут», «улут», «этнос» - «улут-мамлекет» аттуу терминдерде берилген «улут» түшүнүгүнүн эки чечмелениши пайда болгон. Аталган дефинициялар өз ара байланышкан, бирок бир алар бир тартиптүү болушпастан, таптакыр ар кыл структураларды чагылдырат. Алар бири-биринен тарыхтагы калыптануу мүнөзү, социалдык жөнгө салуу механизмдери жана этникалык жакындашуунун социалдык функциялары, этнопсихологиялык спецификасы менен айырмаланып турушат.

Социалдык философия өзүнүн максаты катары коомдун «этнос» жана «улут» категорияларын түзүү, өздөштүрүү, этнос менен улутту социалдаштыруу жана коомду этноулутташтырууну, ошол эле мезгилде коомдун биримдигин этноулуттук көптүк, ошол полиэтникалуулукту бүтүндүк, жекелик менен жалпылыктын көп түрдүүлүгү, алардын ортосундагы транзит, аталган бүтүндүктүн синтезине болгон жөндөмдүүлүк катары түшүндүрүүнү коет.

Социалдык-философиялык ыкма предмети жана обөектиси катары инсандын, этностун жана улуттун ар кыл аспектилери эсептелген жеке коомдук илимий дисциплиналар үчүн социумдагы этностор менен улуттардын функцияланууcунун калыптануусунун, өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү менен мыйзам ченемдүүлүктөрүн өнүгүү, категориялар, түшүнүктөр методологиясы аркылуу иштеп чыгууну түшүндүрөт.

Этноулут улут менен этностун синоними катары аталган түзүлүштү кыйла так чагылдырат. Аталган контексте этноулут туруктуу тарыхый жактан калыптанган жеке аймактын, шайкештиктин, тилдин, маданий-экономикалык жашоо-турмуштун алкагындагы этникалык жалпылык болуп эсептелет.

Этноулут жогорку бир деңгээлде өзгөчө жана татаал социалдык феномен болуп эсептелет. Этнос катары ал шайкештик матрицада жеке элементке ээ эмес жана өзүндө этноаныктоочу критерийлердин бардык спектрин бириктирет. Бардык этнодифференциялоочу белгилер анализ методологиясы жана ар кыл модификаторлорго ээ болуу менен координаттар системасы менен детерминацияланууучу чоң дук болуп эсептелет.

Социалдык өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнө байланыштуу этноулуттун пайда болуусу экономика, демография, этникалуулук, аймак ж.б.у.с. материалдык жана социалдык факторлорго негизделет. Негизгилери болуп экономикалык факторлор эсептелет: экономиканын ыргактарынын терс төмөндөөсү, жашоо-турмуштун төмөнкү деңгээли, этноулуттун калыптануусунун, функциялануусунун шарттары болуп мамлекеттик-укуктук, аймактык, табияттык-географиялык, этномаданий ж.б.у.с. (конституцияны кайра кароо, болгон чек аралар, тилдин бир катар функцияларынын кеңейиши ж.б.) компоненттер эсептелет.

Этноулуттук маанайлар этноулуттун тең укуксуздугуна каршы багытталган каршы чыгуу катары кызмат кылышат. Аталган тенденциялар СССРде үстөмдүк кылбаган элдердин арасында байкалган. Андан тышкары этноулуттун калыптануу шарттары болуп өндүрүш карым-катнаштарынын жана күчтөрүнүн өнүгүүсү, коомдун социалдык прогрессинин деңгээли эсептелет.

Этноулуттун калыптануусу үчүн адамдарды-этникалуулуктун алып жүрүүчүлөрүн реалдуу жалпылыка мобилизациялоонун кызыкдар жана иштиктүү элитасы олуттуу мааниге ээ. Элита этноулуттун алып жүрүүчүсү жана билдирүүчүсү болуп, бүткүл эл тарабынан кызмат кылууга багытталган.

Ал адамдарды бириктирип, алардын энергиясын керектүү нукка бурат, ураандар менен идеяларды чыгарып, этноулуттук институттарды калыптандырат, ар кыл идеялар менен уюмдардын катышуусун мобилизациялап, бийлик жана жергиликтүү бийлик органдарындагы өкүлчүлүктөрдү түзөт ж.б.у.с.

Этноулут коомдогу үстөмдүк кылбоочу орунду ээлеп, алкагында жалпылыктын гипертрофдоштурулган этникалуулук кырдаалында пайда болуп, саясатташып жана андан ары күчкө ээ болуп, жогорку мобилизациялык деңгээлге жетет. Өткөндүн этноулуттук процессинин схемасын жана элдер арасындагы алардын таанымалдык деңгээлин изилдөө этникалык мобилизациянын спецификасын түшүнүүнү жөнгө салат.

Биздин пикирибизде, этноулутту эки тар жана кеңири маанисинде чечмелөөгө болот. Тар маанисинде этноулут – бул тигил же бул мамлекеттик түзүлүшкө, мейли ал эгемендүү же автномодуу болсун аталыш берген этнос. Мындай учурда аларды эгемендүү же автономдуу этноулуттар катары кароого болот. Эгемендүү этноулуттарга мисалы, постсоветтик мейкиндикте Россиядагы орустарды, Украинадагы украниналыктарды, Белоруссиядагы белорустарды, Азербайжандагы азербайжандыктарды, Кыргызстандагы кыргыздарды ж.б.у.с. таандык кылууга болот. Ал эми, мисалы, Россия Федерациясындагы татар, башкыр, чечен, якут, тувин жана башка этносторду, Өзбекстандагы каракалпактарды, Грузиядагы абхаздарды реалдуу эгемендүүлүгү жок автономдуу этноулуттарга таандык кылабыз.

Кеңири контексте этноулут – бул өз өлкөсүндөгү статусуна, тилдик абалына, бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын саясий өкүлчүлүгүнө канаттанбоо себептери боюнча саясий субөект болууга аракет кылган этнос. Көпчүлүк учурларда мындай этностун өкүлдөрү экономикадагы өзүнүн олуттуу жардылыгына, өлкө калкынын санындагы байкалларлык үлүштүк санына ээ болушат. Мисал катары, Украинадагы орустарды, Казахстандагы, Молдавиядагы Прибалтиканын орус тилдүү жашоочуларын, Кыргызстан менен Таджикистандагы өзбектерди,

Өзбекстандагы таджиктерди, Азербайджандагы армяндарды, Грузиядагы абхаздарды, аджандыктарды, осетиндерди, Россия Федерациясындагы чечендерди, ингуштарды, дагестандыктарды айтсак болот. Ар бир постсоветтик республикада мамлекетти түзүүчүлүк этностор менен башка этникалык топтордун ортосундагы карама-каршылыктар бар. Бирок бир өлкөлөрдө алардын кызыкчылыктары позитивдик маанайда Казахстандагы орус тилдүү жашоочулардын, Кыргызстандагы Белоруссиянын, Россиядагы көпчүлүк автономдуу этноулуттардын негизинде алардын тилин расмий же экинчи мамлекеттик катары институтташтыруу жолу, жергиликтүү жана борбордук деңгээлдеги бийлик органдарынын адекваттуу өкүлчүлүгү, алардын өз алдынчалуулук функцияларынын кеңейүүсү, алардын аймагындагы мамлекеттик инвестициялардын жогорулоосу менен чечилет. Бирок көп учурларда карама-каршылыктар этноулутту түзгөн мамлекеттин этноулуттук саясатынын айынан антагонизмге чейин жетет.

Биринчи баптын «**Ааламдашуу шарттарындагы этноулут**» - аттуу экинчи параграфында ааламдашуунун этноулуттун функцияланууусуна тийгизген таасири көрсөтүлгөн.

Ааламдашуу процесси заманбап дүйнөлүк эреженин түзүлүшүн, адамзат жашоо ишмердүүлүгүнүн ар кыл параметрлеринин стандарттaшуусун жана унификациялануусун, локалдык спецификанын жана баалуулуктардын жоголуусун, жалпы адамзаттык масштабдагы маданий баалуулуктарынын өзгөчө системасынын, этникалык, мамлекеттик чек аралар аркылуу каралган жашоо образынын калыптануусун түшүндүрөт.

Адамзаттын функциялануусунун тарыхы бири-бирин толуктап туруучу глобалдык векторлор менен мүнөздөлөт. Ал кээде бири-биринин артынан ээрчип, көп түрдүүлүк, карама-каршы полюстардын ажыраган биригүүсү аркылуу бүтүндүктүн, биримдиктин диалектикасын көрсөтөт, окумуштуулар баса белгилешкендей, айырмачылыктар менен окшоштуктарды, ар кыл тарыхый мезгилдердеги универсализмдин уникалдуулугун билдирген диалектикалык процесстер ар башка негиздерде байкалган.

Коомдук революциянын жүрүшүндө бирдей деңгээлде этникалыктын стандартташуусу жана унификациялануусу эле жүзөгө ашырылбастан, контрпозиция да пайда болот: ар кыл цивилизациялык элементтер менен структуралардын дифференциация процессии жүзөгө ашырылып, социумдар менен жеке фрагменттердин ортосундагы зордук менен бөлүп кетүү борбордук вектору, этноулуттук өз алдынчалуулуктун конкреттүү формулировкаланган жана структуралык -уюшулган көп түрдүүлүгү катары кызмат кылган адамзат ишмердүүлүгүнүн ар кыл деңгээлдеги бир катар структураларынын обочолонуусу бекемделет.

Ошентип, коомдук революциянын базалык мыйзам ченемдүүлүктөрү обөективдүү планда улуттун-мамлекеттин өнүгүүсүн модификациялоо эле эмес, улуттук эгемендүүлүктүн коррозияларын да жөнгө салат. Мындай мыйзам ченемдүүлүктөргө төмөнкүлөр таандык: биринчиден, мамлекет алдындагы структуралардын калыптануусу менен бир катар эгемендүү мамлекеттердин функцияларынын делегирование процесси пайда болуп, дүйнөлүк мыйзамдуулук улуттукттан жогору коюлат: экинчиден, кээ бир өлкөлөрдүн муниципалитеттеринин транс чек аралык байланыштарынын институтционалдашуусу, регионалдык эл аралык уюмдардын бир катар функцияларынын делегирование процесси тереңдейт; үчүнчүдөн, улуттук мамлекеттер булагы анын чегинен (эл аралык терроризм, экология, эл аралык кылмыштуулук ж.б.у.с.) тышкары жайгашкан маселелерге дуушар боло башташат.

Улуттук мамлекет бардык курчалган эмоционалдык лоялдуулук жана тилектештик сезимдер аркылуу өзүн аныктайт, анын булагы болуп лоялдуулуктун жана өзүнүн мамлекетинин адамдарынын биригүүсүнүнү эң эффективдүү метафорасы катары этникалуулук кызмат кылып, коомдук аң-сезимдин этникалык мазмуну активдешип, иштиктүү түрдө этникалык контексте улуттук мамлекеттин коргоочулук бастиону катары улут реаблитацияланат.

«Этникалашуунун» өсүүчү процесси коомдун ар кыл секторлорун камтып, геосаясатты реконструкциялоо тенденциясы улам этникалык көрсөткүчтөр менен толуктала баштайт. Этникалык тенденция саясий чөйрөдө болгон күч-аракет менен бекемделип, илимде саясатты этникалаштыруу деп аталат.

Толук кандуулук эмести жоюу индивидде өзүнүн этникалуулугун институтташтыруу кызыкчылыгын калыптандырат, ал эми бардык этноулут үчүн мамлекеттештирүү өз алдынчалуулуктун күнүмдүк аң-сезимине жеткиликтүү болгон жамааттык стереотиптердин таасын формулировкасы мамлекеттик катары тили, өзүнүн этноулуту бекитилгенде активдешип, этникалуулукту коргоо менен жеке кызыкчылыктарды талап кылат. Этноулуттарга мүнөздүү спецификалык кызыкчылыктардын, сапаттардын жана баалуулуктардын приматы өздүк аң-сезимдин үстөмдүк кылуучу формаларынын, башка баалуулуктарынын жана кызыкчылыктарынын алдында этноулуттук өз алдынчалуулуктун белгилүү бир формасында берилген улуттук эгемендүүлүктүн жүрүм-турмунун эркиндигинин маанилүүлүгүн белгилейт. Этникалаштыруу процессиндеги өз алдынчалуулук саясатында бардык этноулуттар өз алдынча түзүлүштү приоритеттер жана баалуулуктар системасынын спецификасы менен өнүктүрүү жана сактоо кепилдигин карайт.

Коомдун деңгээлиндеги этникалуулуктун жүзөгө ашырылуусу башталуу доорунда улам өсүп, актуалдашат, бирок соңуна чыкпаган тарыхый өзгөрүүлөрдүн ролунда ааламдашуу кызмат кылат. Адегенде этноулуттун өз алдынчалуулук түйшүктөрү менен социалдык-психологиялык өңүттө жаралган мындай шарттардагы айныксыз этникалуулук кризиси өздүк шайкештикти жана этноулуттун бүтүндүгүн жоготуу коркунучунда негизделет.

Аталган мезгилде этноулуттук алкактардын этнодифференциялуучулук функциясы начарлап, этникалык тийиштүүлүк сезимдерин коштоочу

аффилиация деңгээли төмөндөп, социалдык мейкиндиктеги индивиддин дезориентациясы пайда болот.

Ааламдашуучулук процесстер этникалык актуалдашуу үчүн шарттарды пайда кылат, анда депрессияларды башынан кечирген индивиддердин кызыкчылыгын дароо жогорулатат.

Этноулуттун нормалдуу өнүгүүсүн жана анын андан аркы функцияланусу менен жашоо жөндөмдүүлүгүн татаалданткан ааламдашуунун таасиринин компоненттеринин болуусунда этникалуулук, анын өсүүсү жана этникалык баалуулуктар системасындагы ролу актуалдаша баштайт. Жекелик деңгээлде этникалуулук ыңгайлашуу функциясын аткарган кыйла олуттуу социалдык шайкештиктердин бири болуп эсептелет, аны менен бирге этникалуулуктун ролунун башка лоялдуулук менен тилектешиктин алдындагы ролунун бекемделүүсү байкалат.

СССРдин кулашынан кийин ааламдашуунун таасири постсоветтик мейкиндикте, анын ичинде Кыргызстанда жаңы импульска ээ болду. Ошону менен бирге мурун марксистик-лениндик идеология жана советтик административдик-командалык система менен чектелген этникалык кайра жаралуу башталган. Аталган кайра жаралуу Кыргызстан өзүнүн эгемендүүлүк мезигилинде туш болгон системалык кризис шарттарындагы салттуу коргоочулук механизмдери кызмат кылган трайбализм жана этнорегионализм сыяктуу уктап жаткан субэтникалык көрүнүштөрдү ойготту.

Биринчи баптын **«Кыргыз этноулуту туурасындагы кыргызстандык философтор»** деп аталган үчүнчү параграфында улут жана этноулут туурасындагы Кыргызстандын философторунун эмгектери каралат.

Кыргыз этноулуту, анын калыптануусу жана өнүгүүсү ар кыл гуманитардык –дисциплиналардагы, тарыхтагы, этнологиядагы, этносаясат таануудагы, этносоциологиядагы жана социалдык философиядагы кыргыз окумуштууларынын объектиси болуп калган. Биздин диссертациялык изилдөөбүздүн мүнөзү жана проблематикасы өткөн кылымдын 5-

жылдарынан азыркы мезгилге чейинки кыргыз элинин этноулуттук биригүү маселелерин изилдешкен кыргыз кесипкөй философторунун илимий иштеп чыгууларына атайын өзгөчө көң үл бурууну талап кылат.

Кыргыз этноулутунун калыптануусу менен өнүгүүсү анын ар кыл тилдик, этномаданий, этнопсихологиялык, этношайкештик аспектилеринде, салттар менен адаттар кыргызстандык философтор, илимдин докторлору жана кандидаттары А.А.Айтбаев, М.С.Джунусов, О.А.Тогусаков, М.М.Амердинова, Р.А.Ачылова, А.Т.Балтабаева, А.Х.Бугазов, А.К.Джусупбеков, А.И.Исмаилов, Э.И.Исмаилова, Р.Д.Стамова, М.А.Карыбаева, Ч.Н.Нусупов, А.Т.Табалдиев, А.И.Нарынбаев, Ж.К.Урманбетова, А.Б.Элебаева, Ш.М.Ниязалиев, Н.А.Омуралиев, А.А.Салиев, А.Н.Смутко[1] аркылуу үзүрлүү изилденген.

Социалдык философия чөйрөсүндөгү адистер улуттардын, улуттук карым-катнаштардын калыптануусу, өнүгүүсү жана Чыгыш элдеринин мурун артта калган өнүгүүсүнүн капиталистик эмес жолдору маселелери боюнча илимий изденүүлөрүн башташкан. 50-60-жылдары Кыргызстандын философтору тарабынан кыргыз улутунун калыптануусундагы Октябрь революциясынын мааниси көрсөтүлүп, анын өнүгүүсүнө социалдык-экономикалык, саясий, маданий-идеологиялык факторлоруна анализ жүргүзүлгөн, улуттардын фактылык тең диги маселелери изилденип, улуттардын жакындашуу ж.б.у.с. маселелери изилденген. 60-жылдарынын ортосунда кыргызстандык философтор улуттардын өнүгүү тенденцияларын, элдердин патриоттук жана интернационалдык тарбиясын, достугун активдүү изилдей башташкан.

Улуттардын жана улуттук карым-катнаштардын, улуттук маданияттардын, эмгекчилердин интернационалдык жана патриоттук тарбиянын, элдердин достугу, жашоо образы, инсандын, жаң ы салттардын ж.б.у.с. калыптануусундагы, өнүгүүсүндөгү улуттук психологиянын ролунун

[1] Жогоруда аталган авторлордун эмгектеринин толук аталышы диссертациянын колдонулган адабияттарынын тизмесинде берилди

өнүгүүсү маселелери боюнча бир катар ири эмгектер өткөн жүз жылдыктын 80-жылдары жарык көргөн.

Улуттар менен улуттук карым-катнаштардын өнүгүүсүнүн философиялык маселелерин изилдөө биздин республикабыздын базар экономикасына өтүү мезгилинде, демократиянын өнүгүүсүндө жана укуктук мамлекеттин түзүлүүсүндө өзгөчө актуалдуу болуп эсептелет. Коомдун тажрыйбалык муктаждыктары туруктуу улуттар аралык кырдаалдын калыптануусун жана илимий-теоретикалык негиздеги республикадагы этникалык аралык конфликттердин жөнгө салынуусун талап кылат.

Кыргызстандык философтордун этнос жана улут маселелери боюнча эмгектеринин анализи төмөнкүдөй корутундуларды чыгарууга шарт түзөт: а) аталган изилдөөлөрдө советтик догматизмден, таптык принциптерден жана этноулуттук маселелерди философиялык иштеп чыгуудагы партиялуулуктан толук оолактоо болгон; б) примордиализм, инструментализм жана конструктивизм сыяктуу ар кыл ыкмалар активдүү жана үзүрлүү түрдө колдонулат; в) советтик жана постсоветтик илимий адабиятка кайрылуу менен социалдык процесстерди изилдөөнүн заманбап батыштык методологиясы кайра иштелип чыгып, колдонулат; г) этноулуттук көрүнүштөрдү философиялык чечмелөөдө авторлор эгемендүүлүк жылдары топтолгон кыргыз элинин тарыхынын бай эмпирикалык материалына таянат; д) ааламдашуунун заманбап шарттарындагы архаикалык субэтникалык көрүнүштөрдү, процесстерди, баалулууктарды, салттарды жана адаттарды кайра жандандыруу анализине өзгөчө көңүл бөлүнөт.

«**Кыргыз этносунун этноулутка эволюцияланууу өзгөчөлүктөрү**» аттуу экинчи бапта этноулуттун калыптануусуна, өнүгүүсүнө жана функцияланнуусуна салттуу жана анын заманбап абалынан баштап аьнализ берилди.

Экинчи баптын «**Салтуу кыргыз коомундагы жана ошондой эле Советтик Кыргызстандын кыргыз этноулутунун генезиси жана калыптануусу**» - биринчи параграфында советтик мезгилге чейинки жана

Советтик Кыргызстандагы кыргыз этноултунун булактары менен калыптануусун ачып берүүгө багытталган.

Кыргыз элинин этногенези салттуу кыргыз урууларын жеке элге бириктирүүсү үчүн узак тарыхка, баарын мурда, баштапкы ролго ээ болуп, алар Кыргызстандын аймагындагы байыркы орто кылымдык мамлекеттердин алкагында болушкан.

Кыргыз уруулары эң жогорку гүлдөп-өсүүгө «кыргыз улуу державасы» деп аталган мезгилде жетишкен. Мамлекеттик түзүлүш Алтай менен Энесайдын түндүгүндө алтайлык кыргыздардын пайда болуусуна чейин Хакаста пайда боло алмак. VI-VII кк. соңунда Хакастагы бийликтин алмашуусу гана болуп өткөн. Бирок Хакастын калкы эч качан монолиттүү этникалык түзүлүштү жеке маданияты, өздүк аталышы, этникалык белгилер менен камтыган эмес. Бул ар кыл деңгээлде түпкү теги ар башка калктын этникалык топторунан, жашоо образынан, соматикалык белгилеринен ж.б.у.с. турган аймактык-уруулук бирикмелер болгон, алардын басымдуу бөлүгүн көбүнчө кыргыздар түзгөн.

Кыргыз эли жана анын маданияты болбоду дегенде эки борбордук-азиялык жана жергиликтүү орто кылымдык этникалык компоненттердин бирдиктүү иш-аракеттеринин натыйжасында пайда болгон. Мезгил убактысы боюнча жакын болгон кыргыз элинин этногенезинин учурларынын бирден-бир маанилүү «түйүнү» б.з. II миң жылдыгынын биринчи жарымындагы окуялар менен байланышкан. Аталган доордо Кыргызстандын аймагында түндүк-чыгыштан түптөлүп калган кыргыз тилинде сүйлөшкөн заманбап кыргыздардын урпактары киришкен. Ошентип, кыргыз эли Тянь-Шанда Борбордук Азиядан келишкен автохтондук этникалык компоненттердин кошулуусунун натыйжасында пайда болгон.

Кыргыз элинин калыптануусунда белгилүү бир ролду кара-кыйталардын (XII к.), наймандардын (XIIIк.) Орто Азияга менен Казахстанга жылуулары ойногон. XIII-XIVкк. Кыргызстан менен Жетисуудагы этникалык өзгөрүүлөрдү көзөмөлдөө абдан эле оор. Монголдук басып алуулар жана

улустардын-чынгызиддердин түзүлүүсү менен бирге жер которушкан Борбордук Азиянын уруулары Хайду мамлекети кыргыз элинин калыптануусуна чоң таасирин тийгизген. Аталган процессте олуттуу ролду Могулистан мамлекети ойногон (XIV-XVI кк.). Анын курамына Сыр-Дарыядан баштап, Ферганнанын чыгыш бөлүгү, батышта Турфан оазисине чейин, түндүктө Балхаш-Кара Иртышка чейин, түштүктө Куэнь-Луняга чейинки аймактар кирген.

Аталган процессти тездеткен бирден-бир фактор болуп XV-XVI кк. Аралагындагы кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшү эсептелет. Түзүлгөн кыргыз элин аныктоо үчүн жалпыдыктын этникалык өздүк аң-сезими, ошол мезгилде калыптанган жалпы элдик тил, этникалык аймактын жалпылыгы сыяктуу негизги белгилер болгон. Кыргыз элинин түзүлүшүнүн этникалык аймагы болуп болжол менен Манас-Талас жана ага чектеш түштүк райондордун ортосундагы аймак эсептелет. XV кылымдан кийин алар мурун ээлеген аймактарга тарап кетишкен. XVIII кылымдын экинчи жарымында үстөмдүк кылуучу трайбализмдин атмосферасында жеке мамлекеттүүлүк калыптанган эмес. Кыргыздардын түщтүк бөлүгү өзбектер, таджиктер, кыпчактар менен биргеликте Кокон хандыгынын түзүлүшүнө жана анын башкаруусуна активдүү катышышкан, ал эми түндүк кыргыздар манаптардын бийлиги алдында турушкан. Алар саясий жактан көз карандысыз болушканы менен коңшулардын таасири алдында болушкан. XVIII к. соңунда түндүк кыргыздарга кокондуктар өз бийлигин таратып башташкан.

XIX к. 60-жылдары Кокон хандыгы менен Россия империясынын ортосундагы конфликт Россияга Чүй аймагынын кыргыз урууларынын кошулуусуна алып келген. Ал жарым-жартылай өз каалоосу жана зордук-зомбулук, б.а. келишимдер жана макулдашуулар, андан тышкары түздөн-түз куралдуу басуу жолу менен жүзөгө ашырылган. Түштүк аймак Россияга 1876-жылы, падышачылык тарабынан 1873-1876-жж. көтөрүлүштү басуудан жана Кокон хандыгын жоготуудан кийин кошулган. Ал эми Кыргызстандын

тарыхынын Советтик мезгили туурасында айта турган болсок, анда бардык эле СССРдеги улуттун жана элдердин жашоо-турмушу жеке экономикалык базанын – өндүрүш каражаттарына болгон коомдук менчиктин негизинде өнүккөн, алар үчүн бир типтүү социалдык-таптык структура мүнөздүү болгон. Кыргыз советтик улуту мурунку Союздагы – советтик элдеги адамдардын тарыхый, социалдык- таптык улуттар аралык жалпылыгынын органикалык бөлүгү болуп эсептелген. Түп-орду менен болгон социалистик реформалардын натыйжасында кыргыз этноулуту калыптанып, андан аркы өнүгүүгө ээ болгон.  Албетте,  социализм улуттук өнүгүүнү жөнгө салган, бирок СССРде административдик-командалык система режиминде жүзөгө ашырылган анын табиятында этноулуттук прогресстин карама-каршылыгын жөнгө салуучу деформация негизделген.

Ченемсиз  чоң миграция демографиялык өнүгүүнүн табигый процесстеринин ири деформациясына алып келип, калган региондордогу көптөгөн архаикалык коомдук структураларды консервациялаган. Натыйжасында калктын аймактык жана социалдык кыймылдуулугунун өнүгүүсүнүн табигый агымы бурмаланып, бир элдердин урбанизация процесстери артка тартылып, башка элдердин урбанизациялануусунун деңгээли жогорку деңгээлге жеткен. Бул улуттар аралык конфликттер менен коштолгон кэ бир элдердин айныксыз социалдык-улуттук обочолонуусуна алып келген.

Экинчи баптын «**Кыргызстандын эгемендешүү шарттарындагы этноулуттун өнүгүүсү жана функциялануусу**» деген аталыштагы экинчи параграфында заманбап Кыргыз Республикасындагы этноулуттук процесстер анализге алынат.

Кыргызстандагы заманбап улуттун советтик мезгилге кирүү процесси бир жагынан, жалпы шайкештикти түзүү үчүн обөективдүү түрдө өбөлгөлөрдү түзгөн экономикалык модернизациянын этабы болгон. Экинчи жагынан, ал он жылдар менен улуттук өздүк аң-сезимди калыптандыруу процессин жасалма кармап турууну көздөй бурулган, андыктан коммунистик

идеологияда улуттук эгемендүүлүк идеясы буржуазиялык катары түшүнүдүрүлүп, таза негативдүү мүнөзгө ээ болгон.

Улуттук өздүк аң -сезим реалдуу коомдук-саясий күч бойдон калууда. Бүгүнкү башкы карама-каршылык улуттун атаандашуучу – аймактык (жарандык) жана этникалык (генетикалык) моделдеринин болуусунда турат. Аталган түшүнүктөрдүн дайыма алмашуусу жана аларды пайдалануудагы бир жактуулуктун жоктугу заманбап дүйнөдө жарандык коомдун улутунун ордуна этникалык маанидеги улут түшүндүрүлө баштагандыгына алып келди.

Экинчи жагынан, калктын агылып чыгууларынын негизги себептеринен болуп тилдик кырдаал жана саясат, жарандык, тарыхый эс-тутум, жергиликтүү калктын арасындагы этноулутчулдуктун өсүүсү менен байланышкан улуттук шайкештик процесстер эсептелет. Моноэтникалык чөйрөдө (б.а. моноуруулук, монолокалдык жана регионалдык) калыптанган айылдык кыргыздардын менталитетиндеги жамааттык, урулуук, топтук механизмдердин инсандык көрүнүштөрдүн үстүнөн болгон басымдуулук кылуусу трайбалистик жана этнорегионалдык салттардын кайра жаралуусу үчүн негиз болуп берген.

Өлкөдөгү улуттук саясатты жүзөгө ашыруудагы башкы ролду мамлекет ойношу керек жана ойнойт. Этникалык процесстерди жөнгө салу планында өкмөт маданий-тилдик өнүгүү, миграция, кадрларды даярдоого түздөн-түз тиешеси бар бир катар олуттуу иш-чараларды кабыл алган.

Жергиликтүү калктын арасында орунга ээ болгон этношайкештик процесстерге ааламдашуу шарттарында мамлекетти түзүүчү кыргыз этносу менен бирге өзүнүн жалпы жарандык, этникалык алдындагы, улуттук шайкештиктин, өзүн республиканын жараны, ар кыл улуттардын, анын кыргыздардын өклдөрү менен окшоштуруу деңгээли, камтуу масштабы, калыптануу баскычында турган башка улуттардын өкүлдөрүнүн арасындагы мындай процесстер чоң таасирин тийгизет. Андан ар кыл өлкөлөрдөгү, жеке кыргызстандык улуттун жалпы кабыл алынып, калыптанган бүтүндүк,

биригүүчүлүк, карама-каршылыктын, жеткилеңдиктин деңгээлинен көз каранды.

Жарандык шайкештик конкреттүү этноулуттук шайкештике таянуусу зарыл жана өз кезегинде өзүн жеке жарандык жалпылык катары туюп-сезүүсү үчүн, этноулуттук структураларга бирдиктүү интеграциялык процесстерде көрүнүшү абзел.

Кыргызстандагы этноулуттук шайкештикти конструкциялоо спецификалык мүнөзгө ээ. Эгемендүүлүкө ээ болууну мамлекеттик шайкештиктин калыптануу психологиялык процессии жана коомдон жалпы этникалык принциптин негизинде бөлүп чыгарууну шарттаган.

Кыргызстандыктардын жарандык улутун бириктирүү үчүн ич ара табигый байланыштар менен өлкөнүн саясийэтникалык калкын жеке жарандык улутка бириктирүүчү жалпы тарыхый жана маданий негиздерди аныктоо зарыл, өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе, этникалык аралык көпүрө катары кызмат кыла алган кыргыздар менен Кыргызстандын этникалык топторунун ортосундагы белгилүү бир катмар калыптанган. Же болбосо, этникалык аралык баарлашуу башка этностордун өкүлдөрүнө карата болгон толеранттуу мамилесин жөнгө салат. Мындай багыттар кыргызстан коомунун чоң биригүүсүнө, кыргызстандыктардын жарандык улутунун калыптануусуна шарт түзөт.

Улуттун этникалык моделинен айырмаланып жарандык улут баарынан мурда, этникалык түпкү текти эмес, жарандыкты билдирет. Заманбап демократиянын улуттук түзүлүшүнүн модели жарандык улуттун нормативдик концепциясын саясий жүзөгө ашырууга болгон жакындыгы эсептелет. Ошону менен бирге көптөгөн заманбап улуттардын-мамлекеттердин басымдуу бөлүгү жарандык жана этникалык улуттардын элементтерин бириктирет. Аталган элементтердин карым-катнаштары ар кыл улуттарда эле эмес, тарыхый мезгилдин алкагындагы бир улуттук мамлекеттин чегинде да айырмаланат. Ошентип, бардык эле заманбап улут -

бир эле мезгилде «органикалык» этникалык жана формалдуу-юридикалык жарандык жалпылык сыяктуу эки жактуу табиятка ээ.

Кыргыз улутунун өсүү мобилизациясынын каражаты катары «жарандык улуттун» жана коомду бириктирип, аны алдыга болгон прогрессивдүү кыймылын стимулдаштыруучу «демократиялык улутчулдуктун» принциптери эмес, этномаданий, кээде фольклордук мотивдер тандалып алынган. Ал үчүн символдор катары калктын саясий мобилизациясы үчүн «жөлөк чекиттеринин» ролун аткарууга милдеттендирилген тарыхый фигуралар тандалган. Бирок реалдуу тажрыйба көрсөткөндөй, алар символдордон да жогору, ал эми мифологиялаштырылган мурастын негизинде модернистик азыркыны түзүүгө болгон багыт мыйзам ченемдүү түрдө феодалдык өткөнгө кетенчиктөөгө алып келет.

Улуттун интеграция маселеси баарынан мурда, этностун өзүн бириктирип байланыштыра турган жеке улуттук экономиканы түзүүнүн деңгээлинде чечилүүсү зарыл. Андан кем эмес мааниге Кыргызстандын акырындык менен моноэтникалык мамлекетке айлануусу айныксыз болушу ыктымал. Орустар жана башка улуттардын өкүлдөрү обөективдүү түрдө кыргыздардын интеграциясын жөнгө салуу менен «кошуп тигүүчү» ролду аткарышат.

Заманбап кыргыз улутунун түзүлүшүнүн программасы модернизациянын кыйла кеңири программасынын бир бөлүгү катары мобилизациянын каражаты катары этнократиялык эмес, кыргыздардын көпчүлүк жагынан башка элдердин ошондой салттары менен дал келүүчү социомаданий салттарын пайдалануусу зарыл. Алардын ичинде - жамааттык башталыштар, үй-бүлөлүк жана нравалык баалуулуктар, топтор жана конфессионалдык тилектештик ортосундагы принциптерге түзүлгөн эки жактуу чыдамдуулуктун негиздерин айтсак болот. Бул коомдун этникалык эле эмес, саясий биригүүнүн ичиндеги биригүүнү да камсыз кылууга шарт түзөт. Башка элдердин өкүлдөрү менен болгон тең укуктуу бирдик, тарыхый тажрыйбаны чебердик менен пайдалануу гана кыргыздарга начар бириккен

этникалык жалпылыктан өз кызыкчылыктарын коргой алган толук кандуу улутка айлануу процессин соң уна чыгарууга шарт түзөт. Титулдук этностун башкалардын үстүнөн болгон үстөмдүгүн зордук-зомбулук жолу менен камсыз кылуу аракети (Конституциянын же этникалык фильтрлердин жардамы менен) келечексиз, же болбосо алар коомду тарыхый туң гуюктука, оолактоочулука жана провинциализмге алып барат.

**Корутундуда** изилденип жаткан маселенин негизги ойломдору жана корутундулары келтирилди:

Этноулут адамдардын туруктуу жыйындысы катары көп түрдүү жана татаал социалдык феномен болуп эсептелет, ал эми этноулут теориясын калыптандыруу улануууда. Бирок аларды этноулуттар деп кароого шарт түзгөн социалдык жалпылыктарга мүнөздүү болгон базалык белгилер иштелип чыккан, руханий-материалдык маданияттардын (тил дагы), этникалык психологиянын туруктуу спецификалык белгилеринин, тарыхый эс-тутум менен элестөөлөрдүн, жалпы аймактын, өзүнүн биримдигин окшоштуруу сезими жана башка бардык ушул сыяктуу структуралардын айырмачылыктарынын салыштырмалуу жалпы туруктуу спецификалык белгилеринин болуусу аталган жамааттык иш-аракеттерде: ата-мекен, мамлекеттик институттар, белгилүү бир аймак менен ассоциациялануу мүмкүнчүлүгү туурасындагы саясий структуралаштырылган көз караштар негизделет.

Этноулут - бул өзүлөрүн этникалуулук менен окшоштуруп, тигил же бул формада мамлекеттик түзүлүшкө же мамлекет менен болгон жеке байланыштарын, контакттарын жана карым-катнаштарын институтташтырууга багытталган адамдардын тобу. Этноулут бардык эле этнос эмес, социалдык уюштурууга, анын ичинде саясий чөйрөгө карата иш-аракеттерди алдын алууга багытталган этносторду гана айтабыз.

Этноулуттун процессинде өз алдынчалуулука такталган өзүнүн спецификасындагы орногон жана басым жасаган тенденция өзүнө заманбап жашоонун бирден-бир иштиктүү факторлорун камтып турат, анын негизинде

ааламдашуунун заманбап реалийлеринде азыркы цивилизациянын фрагментардык дифференциациясы жана этномаданий локалдашуусу жүзөгө ашырылат.

“Улут” түшүнүгү советтик постсоветтик мезгилдерде кыргызстандык философтордун эмгектеринде ар башкача түшүндүрүлгөн. Марксизм-ленинзмдин алкагында кыргызстандык окумуштуулар улут деп батыштык жана постсоветтик чечмелениште түшүнүшкөн, ал эми совет эли кыргызстандык авторлордун илимий эмгектеринде заманбап түшүндүрүлүшүндө жарандык улут катары каралган, андан тышкары советтик изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгүндө “этноулут” колдонулган эмес, бирок социалистик улуттарды  карoo менен окумуштуулар аталган түшүнүктөргө “этноулут” түшүнүгүнүн мазмунун киргизишкен.

Постсоветтик шарттарда кыргызстандык философтор тигил же бул деӊ гээлде өзүлөрүнүн изилдөөлөрүндө “этноулут”, “жарандык улут”, “улут-мамлекет” терминдерин колдоно башташкан. Бирок өзгөчө баса белгилей кетүүчү нерсе, аталган терминдерди ата-мекендик философияда пайдалануу кыйла фрагментардуу болгон. Этноулут бир дагы эмгекте социалдык-философиялык анализдин объектиси болгон эмес.

Кыргыз эли эки борбордук азиялык -түштүк сибирдик жана жергиликтүү-орто азиялык этникалык массивдерде калыптанган. Кыргыз элинин калыптануу процесси XI кылымда башталып, энесай кыргыздарынын кээ бир уруулары  Чыгыш Тянь-Шандын алдында негизделип, Караханид каганаты менен түздөн-түз коӊ шулаш болуп, аталган мамлекеттин калкы менен ар кыл байланыштарда болушкан.

Россиядагы Октябрь революциясы социалистик түзүлүштүн, өз алдынчалуулука жана СССРдин түзүлүшүнө болгон элдердин укуктарын бекитүү Кыргызстандын тарыхындагы өткөөл тарыхый этаптардан болуп калды. Кыргыз Советтик Социалистик Республикасынын түзүлүшү менен кыргыздар мамлекетти түзүүчү титулдук эл катары улут статусуна, «формалдык» белгиси боюнча мамлекеттүүлүктү алып жүрүүчү титулуна ээ

болгон, бирок цивилизациялык өнүгүү жана коомдук карым-катнаштардын жеткилең дик деңгээли боюнча аталган статуска ылайык келген эмес. Бирок бул тарыхый окуя кыргыздар үчүн улуу жеңилдетүүчү жана кайра түзүүчүлүк фактор болуп калган.

Кыргызстанда заманбап улуттун калыптануу процесси үчүн өзүнүн тарыхынын советтик мезгили обөективдүү түрдө жалпы шайкештиктин калыптануусу үчүн шарттарды түзгөн экономикалык модернизациянын мезгили болуп калган. Андан тышкары ал улуттук өздүк аң-сезимдин калыптануу процессин жасалма кармап туруусунун этабы болгон, анткени марксистик-лениндик идеология менен улуттук эгемендүүлүк принциби буржуазиялык катары чечмеленип, терс мүнөздү алып жүрөт.

Кыргызстандагы заманбап этноулуттук процессин мүнөздөө менен төрт этапты бөлүп көрсөтүүгө болот:

Биринчи этап, өзүнө кайра куруу жылдарын камтып, этноулуттук өздүк аң-сезимдин өсүүсү менен белгиленип, өзүнүн тарыхына, руханий материалдык маданиятына, коомдук жана мамлекеттик жашоо-турмуштун ар кыл тармактарындагы кыргыз тилинин функциялануу зарылчылыгына жана муктаждыгына, Кыргыз ССРнин жалпы союздук эмгекти бөлүштүрүүдөгү орду менен ролуна, республиканын Советтер Союзунун өнүгүүсүнө кошкон салымына болгон терең кызыгууда көрүнгөн.

Экинчи этап мамлекеттин деңгээлиндеги этноулуттук өздүк аң-сезимдин калыптануусу менен мүнөздөлөт, кыргыздардын этноулуттук баалуулуктары негизги мамлекетти түзүүчү факторго жана мамлекеттик түзүлүш принцибине жана орус тилдүү калктын республикадан массалык чыгып кетүүсүнө трансформацияланат, титулдук этностун, анын ичинде Бишкек менен Чүй областынын калкынын үлүштүк өсүүсү негизинен өлкөнүн башка областарынан келген ички миграциянын эсебинен болуп, кыргыздар арасындагы шайкештиктин этнорегионалдык процесстери калыптана баштаган.

Үчүнчү этап 2005-жылдын мартындагы окуялардан кийин башталат. Аталган этнорегионализм принцибинин мезгили саясий чөйрөдө легитимдешип, лидерлер этнорегионалдык келип чыгуунун базасында топтоло башташкан. Кыргызстандагы этношайкештик процесстердин аталган этабы 2010-жылдагы апрель окуяларынын мезгилинде аяктап, этношайкештик процесстердин өнүгүүсүнүн төртүнчү этабы башталат. Ал Кыргызстандын түштүгүндөгү кандуу ири-масштабдуу этникалык аралык конфликттер, түндүгүндө, анын ичинде Чүй областындагы этникалык аралык өңүттөгү ондогон майда кагылышууларга кошулган этникалык карым-катнаштардын курчушу менен мүнөздөлөт.

Жалпы жонунан, биздин пикирибизде апрель окуяларын регионалдык аралык планда чечмелөөгө жана түштүк жана түндүк кыргыздарынын ортосундагы субэтникалык конфликтке таандык кылууга болот. Кийинки жылдары Президент, Өкмөт, республиканын Парламенти андан тышкары эл аралык уюмдар революциядан кийинки кесепеттерди алдын алуу жана андан аркы кыргызстандык социумду бириктирүү үчүн мамлекеттин жаңы стратегиясы, өлкөдөгү этникалык кырдаалды өркүндөтүүгө, этникалык азчылыктын кызыкчылыктарын жана этнорегионалдык топторду, мамлекеттик бийлик органдарындагы алардын өкүлчүлүгүн эске алууга багытталган. Алдын алынган иш-чаралар өлкөгө этникалык жана регионалдык аралык ксепеттерди багындырууга, массалык митингчилер процессин токтотууга шарт түзүп, Кыргызстандагы коомдук-саясий кырдаалды жана туруктуулукту жандандырды.

## Диссертациянын негизги мазмуну автордун төмөнкү эмгектеринде чагылдырылды:

1.Шаршебаева, Т.А., Джусупбеков, А.К., Жанышбек уулу Азамат Политические факторы или движущие силы декабрьского 2016 года референдума Кыргызской Республики [Текст] / Т.А.Шаршебаева ,

Джусупбеков, А.К., Жанышбек уулу Азамат //Научно-практический журнал «Высшая школа» (Россия). Г.Уфа,2016.-С.22-25

2.Шаршебаева, Т.А., Джусупбеков, А.К. Актуальные теоретико-методологические проблемы социально-философского анализа этноса и нации [Текст] / Т.А.Шаршебаева, Джусупбеков, А.К. //Научно-практический журнал «Высшая школа» (Россия). Г.Уфа,2016.-С.26-29

3. Шаршебаева, Т.А. Кыргызстанские философы об этносе и нации в годы независимости [Текст] / Т.А.Шаршебаева //Научно-практический журнал «Высшая школа» (Россия). Г.Уфа,2017.-С.47-49

4. Шаршебаева, Т.А. Кыргызстанские философы об этносе и нации в советский период [Текст] / Т.А.Шаршебаева //Научно-практический журнал «Высшая школа» (Россия). Г.Уфа,2017.-С.44-46

5. Шаршебаева, Т.А. Развитие и функционирование этнонации в условиях суверенизации Кыргызстана [Текст] / Т.А.Шаршебаева //Научно-практический журнал «Высшая школа» (Россия). Г.Уфа,2017.-С.

6. Шаршебаева, Т.А. Этногенез кыргызской народности в традиционном кыргызском обществе [Текст] / Т.А.Шаршебаева //Научно-практический журнал «Высшая школа» (Россия). Г.Уфа,2017.-С.

7. Шаршебаева, Т.А. О феномене глобализации [Текст] / Т.А.Шаршебаева // Вестник. ИФиППИ НАН КР. - Бишкек, 2016-С.

8. Шаршебаева, Т.А. Этнонация в условиях глобализации [Текст] / Т.А.Шаршебаева // Вестник. ИФиППИ НАН КР.-Бишкек, 2016-С.

9. Шаршебаева, Т.А., Джусупбеков, А.К. Социофилософский анализ понятия «этнонация» [Текст] / Т.А.Шаршебаева, Джусупбеков, А.К.// Вестник. КНУ - Бишкек, 2016-С.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Шаршебаевой Тынары Аманбековны на тему: «Этнонация как объект социально – философского анализа», представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.11.-социальная философия**

**Ключевые слова:** этнос, нация, этнонация, глобализация, народность, консолидация, гражданская нация, трайбализм, этнорегионализм, этнонациональная идентичность.

**Объектом исследования** является такой социальный феномен как этнонация. К предмету исследования относятся особенности становления, развития и функционирования этнонации.

**Цель исследования** состоит в социофилософском анализе этнонации, а также определение специфики эволюции кыргызской этнонации.

**Методологические и теоретические основы диссертационного исследования** составили работы известных зарубежных, советских и постсоветских философов, этнологов, этнополитологов, этносоциологов, этнопсихологов и историков. В процессе работы были использованы исторический, формально-логический и системный методы научного познания.

В основу методологии исследования легли диалектические принципы системности, анализа и синтеза, всеобщей связи, восхождения от абстрактного к конкретному.

**Область применения**. Основные положения и выводы исследования могут быть использованы в учебно-образовательном процессе при чтении лекций по социальной философии и разделах политологии, социологии, социальной психологии, истории и другим гуманитарным наукам, включающих этнонациональную проблематику.

**Шаршебаева Тынар Аманбековнанын «Этноулут социалдык-философиялык анализдин объектиси катары» аттуу темада 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясынын**

**Р Е З Ю М Е С И**

**Түйүндүү сөздөр:** этнос, улут, этноулут, ааламдашуу, эл, консолидация, жарандык улут, трайбализм, этнорегионализм, этноулуттук шайкештик

**Изилдөөнүн объектиси** болуп этноулут сыяктуу социалдык феномен эсептелет. Изилдөөнүн предметине этноулуттун калыптануу, өнүгүү жана функциялануу өзгөчөлүктөрү таандык.

**Изилдөөнүн негизги максаты** этноулутка социалдык-философиялык анализ берүүдө, андан тышкары кыргыз этноулутунун эволюциясынын спецификасын аныктоодо турат.

**Изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негизин** белгилүү чет элдик, советтик жана постсоветтик философтордун, этнологдордун, этносоциологдордун, этнопсихологдордун жана тарыхчылардын эмгектери түздү. Иш процессинде илимий таанымдын тарыхый, формалдуу-логикалык жана системалык методдору колдонулду.

Изилдөөнүн методологиясынын негизинде системалуулуктун диалектикалык принциптери, анализ жана синтез, жалпы байланыш, абстрактуулуктан конкреттүүгө өтүү ыкмалары жатат.

**Колдонуу чөйрөсү**. Изилдөөнүн негизги жоболору менен корутундулары социалдык философия, саясат таануунун бөлөмдөрү, социология, социалдык психология, тарых ж.б. этноулуттук маселелерди камтыган башка гуманитардык илимдер боюнча лекцияларды окууда окуу-тарбиялык процессинде колдонула алат.

## SUMMARY

**Sharshebaevoy Tynary. "Diploma of the public on the basis of ethnic origin - as an object of methodological analysis" on specialty 09.00.11 Amanbekovny and presented to the public on methodological sciences degree**

**Key words:** ethnicity, nations, nationalities, ethnic groups, globalization and consolidation of civil and ethnic tribalism, etnoregionalizm, ethno-national identity.

**Object of research of ethnic nationality**, as a social phenomenon. The subject of study and the creation, development and functioning of ethnic groups has its own characteristics.

**The purpose of analyzing the study** of the sotsiofilosofskom ethnic people, as well as determine the features of the development of ethnic people.

**The methodology of research and theoretical** foundations of the Soviet Union, as well as well-known foreign and CIS thinkers, anthropologists and ethno-political sciences, ethnosociology and read the works of historians. In the case, they are scientific, historical, and formally logical and systematic methods were used.

**The methodology** of the research system of dialectical analysis and synthesis of the core nucleus in total, in comparison with concrete and abstract.

**Application area**. thinks, social and political science, social sciences, psychology, history and ethno-national problems, including humanitarian and other topics, on the main provisions of the study and the results give a public lecture, the learning process can be used.